Протокол № 1

Өтүлгөн күнү ---------------

Кеңешмеде төмөнкү суроолор каралды:

1. 2019-2020 окуу жылындагы иштелген иштин анализи.
2. 2020-2021 жаңы окуу жылындагы программасы менен таанышып,талкулоо Календардык пландарды түзүү.
3. Мамлекеттик тил боюнча декаданын планын түзүү.
4. Окуучулардын билим сапаттулугунун үстүндө иштөө.

Кеңешменин жүрүшү.

1. 2019-2020 окуу жылындагы иштелген иштер боюнча МБнин жетекчиси Кетеегеева а.Дж. доклад окуду.
2. МБнин мүчөлөрү жаңы окуу программасы менен таанышып, талкулашты жана календардык планды түзүүнүн үстүндө иштеп жатышты.
3. Мамлекеттик тилинин 31 жылдыгына карата,ар бир мугалим бул майрамды өткөрүү боюнча өздөрүнүн ойлорун айтып,сунуштарын киргизишти.
4. МБнин мүчөлөрү окуучулардын билимин жогорулатуунун үстүндө кандай иштерди аткараарын бири-бири менен пикир алмашышты.

Токтом.

1. МБнин баардык мугалимдери календардык жана поурочный пландарды түзүүдө жаңы программаны колдонуусу зарыл.
2. Мамлекеттик тилинин отуз бир жылдыгына карата мектепте декада өткөрүлсүн.
3. МБнин мүчөлөрү окуучулардын билим сапаттуулугунун үстүндө иштешсин.

МБнин жетекчиси: Кетегеева А.Дж

Протокол № 2

Өтүлгөн күнү ---------------

Кеңешмеде төмөнкү суроолор каралды:

1. I чейректин жыйынтыгы юоюнча МБнин жетекчиси Кетегеева А.Дж анализге токтолду.
2. Начар окуган окуучулар менен иштөөдө дифференциялдуу мамиле жасоо.Докладчы Садыкова Ж.Т
3. Райондук олимпиадага окуучуларды даярдоо.
4. Билим кесүүнүн жыйынтыктары.

Кеңешменин жүрүшү.

1. I чейректин жыйынтыгы боюнча МБнин жетекчиси Кетегеева А.Дж анализге токтолду жана окуучуларды билим денгээлин жогорулатуу боюнча доклад жасады.
2. МБнин мүчөсү Айбек к. А. "Начар окуган окуучулар менен иштөөдө дифференциялдуу мамиле жасоо" деген темада доклад окуду,талкуланды.
3. МБнин мүчөлөрү райондо өтө турган олимпиадага өздөрүнүн окуучуларын даярдоодо.
4. Билим кесүүнүн жыйынтыктары угулуп, ар бир мугалим өздөрүнүн тапшырмаларынын жыйынтыгынын негизинде эмнеге (көңүл) көбүрөөк көңүл бөлүп,эмненин үстүндө иштеш керек экендиги жөнүндө пикир алмашты.

Toктом.

1. МБнин мүчөсү Садыкова Ж.Т өзүнүн проблемасынын үстүндө көбүрөөк иштесин.
2. Райондук олимпиадага (до) окуучуларды даярдоо иши МБнин мүчөлөрү Асанбекова Ч .Т. Осмонова Ж.К. Токталиеваларга жүктөлсүн.
3. Окуучулардын билим деңгээлинин сапаттуулугун жогорулатуу үчүн,бардык күчтөр жумшалсын.

МБнин жетекчиси: Кетегеева А.Дж

Протокол № 3

Өтүлгөн күнү --------------

Кеңешмеде төмөнкү суроолор каралды:

1. I жарым жылдыктын анализи.
2. Жогорку класстарда чыгармачылык иштердин максаты эмнеде?
3. Дептерлердин абалы.Каллиография.

Кеңешменин жүрүшү.

1. I жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча МБнин жетекчиси Кетегеева А.Дж кыскача маалымат берди.
2. Жогорку класстарда чыгармачылык иштерди өткөрүүнүн максаты эмнеде деген суроого жоопту ар бир мугалим өз оюнча жооп беришти,алар чыгармачылык иштердин түрлөрүн айтып өтүштү.Ар бир мугалимдин өзүнүн ыкмалары бар.Чыгармачылык иштерди өткөрүүнүн негизги максаты окуучуларды кыргызча жалан гана сүйлөөгө эмес сапаттуу жазууга да үйрөтүү.
3. Дептерлерди убагында,сапаттуу текшерүү жөнүндө сөз болуп,окуучулардын каллиографиясынын үстүндө иштөөгө көбүрөөк көңүл бөлүү,өзгөчө ө,ү,ң тамгаларын айрым окуучулар туура эмес жазышат.Ошондуктан бул тыбыштар катышкан сөздөр менен башталгыч класстарда сөздүк жат жазууларды көбүрөөк өткөрүү зарыл.

Токтом.

1. Окуучулардын билим деңгээлинин билим сапаттуулугунун үстүндө иштөө (МБнин мүчөлөрү).
2. Окуучулардын жазуу сапаттуулугун өстүрүү үчүн ар түрдүү чыгармачылык иштер көбүрөөк өткөрүлсүн.
3. Окуучулардын каллиографиясынын үстүндө иштөөнү күчөтүү.Дептерлер өз убагында текшерилсин.

МБнин жетекчиси: Кетегеева А.Дж

МБнин жетекчиси Садырбек к.Н

Протокол № 4

Өтүлгөн күнү --------------

Кеңешмеде төмөнкү суроолор каралды:

1. МБнин III чейректин жыйынтыгы.
2. Доклад: "Кыргыз элинин улуттук майрамдары" Токталиева Б.Ш
3. "Жакшы сабак кандай болуу керек?"(Тегерек столдо маек).

Кеңешменин жүрүшү.

1. МБнин III чейректеги иштелген иштердин жыйынтыгы боюнча МБнин жетекчиси Кетегеева А.Дж анализге токтолду.МБнин мүчөлөрү III чейректин жыйынтыгы боюнча кыскача маалымат беришти.
   "Нооруз" майрамын Темирбекова Н.А 11 класстын окуучулары менен бирдикте жогорку деңгээлде өткөрдү.
2. Токталиева Б.Ш "Кыргыз элинин улуттук майрамдары" жөнүндө кеңири доклад жасады.
3. МБнин мүчөлөрү "Жакшы сабак кандай болуу керек?"деген темада тегерек столдо маек кылышып,ар бир мугалим өз ойлорун,өз пикирлерин ортого салышып.окуу жылын кандай аяктоого туралуу ойлорун бөлүшүштү.

Токтом.

1. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык көрүү.
2. Окуу жылын ийгиликтүү аяктоо.
3. Көрсөтмө куралдарды топтоо.

МБнин жетекчиси: Кетегеева А.Дж

Протокол № 5

Өтүлгөн күнү 3------------

Кеңешмеде төмөнкү суроолор каралды:

1. Бир жылдык иштин анализи: Кетегеева А.Дж
2. Мамлекеттик экзаменди алууда бүтүрүүчү класстардын жазуу ишинин титулдук баракчасын туура толтуруу боюнча талкуу жүргүзүү.

Кеңешменин жүрүшү.

1. МБнин бир жылдык ишине Кетегеева А.Дж анализ жүргүзүп ага канаттандыраарлык деп эсептелди.
2. Жат жазуунун титулдук баракчасын туура толтуруу боюнча Токталиева Б.Ш толук маалымат берди.

Токтом.

1. Жаңы окуу жылында 2020-2021ж. кетирилген кемчиликтерди жоюнун үстүндө иш алып баруу.
2. Каникул мезгилинде ар бир мугалим өз билим деңгээлин жогорулатуунун үстүндө иштөө.

МБнин жетекчиси: Кетегеева А.Дж